Текшерилди.
ОББ: Ф.Ф. Д.Исраилова
23.09.2022-жыл.

Сабактын темасы: Рей Бредбери. «Эс алуу» аңгемеси

| **Сабактын максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжа:** |
|---|---|
| Тилдик максат: Рей Бредберинин «Эс алуу» аңгемесинин мазмуну менен таанышышат. | Окуучулар эгер:<br>Жаңы лексикаларды өздөштүрүп, тема боюнча сөздөрдү колдоно алышса |
| Кептик –катыштык максат: Чыгарманы талдай билишет. | Аңгеменин мазмунун айтып, берилген суроолорго жооп бере алышса. |
| Социомаданий максат: Ниети жамандын жолу тар экенин билишет | Өз алдынча топто жана кичи топтордо иштей алышса. |

Сабактын тиби: Жаңы теманы өздөштүрүү

| | |
|---|---|
| Сабактын усулу; | Коммуникативдик усул |
| Сабактын жабдылышы; | Жумушчу барачка, компьютер, сүрөттөр, проектор, презентация. |
| Сабактын болжолдуу регламенти: | Уюштуруу-3 мүнөт.<br>Жаңы тема:<br>Текстке чейинки жумуштар-10 мүнөт<br>Текст үстүндө иштөө-12 мүнөт<br>Тексттен кийинки жумуштар-15<br>Жыйынтыктоо: 1 мүнөт<br>Баалоо- 2 мүнөт |

Сабактын жүрүшү. Саламдашуу.

Мугалим:

Салам дейиштин кыргызча мааниси бар,

Саламдашуу жөн эле эмес, шаанысы бар

Ар адамга биринчи тынчтык каалап

Жай сурашып андан кийин таанышуу бар.

Адептин башаты саламдашуу болсо, кийинкиси таанышуу демекчи келеңиздер бири-бирибиз менен таанышып алсак. Анда эмесе жөн гана атыбызды айтпай мүнөзүбүздү кошо айта кетсек. Мисалы: Мен Айдана – адилеттүүмүн. Ушул сыяктуу силер дагы атыңарды айтып баш тамгасы силердин мүнөзүңөрдү ачып берүүчү сөздү айта кетсеңер.

Максаты: Окуучуларды кыймылга келтирип, ойлорун бир жерге топтоп алууга, маанайларын көтөрүүгө өбөлгө түзүү.

Окуучуларды үч топко бөлүп алынат: 1 - топ «Ата», 2-топ «Апа», 3-топ «Бала»

Текстке чейинки жумуштар.

| Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучулардын ишмердүүлүгү |
|---|---|
| Слайд аркылуу сүрөт берилет:<br>Окуучулар бүгүнкү тема эмне жөнүндө болот деп ойлойсуңар? | Окуучулар слайды көрүп, сабак эмне жөнүндө экендигин болжолдуу айтышат. |
| Сөздүк менен иштөө:<br>Дрезине –<br>Рельс-<br>Ракушка –<br>Окуучулар сөздөрдүн маанисин айта алышпаса сүрөттөр аркылуу мугалим жардам берет | Сөздүктө берилген сөздөрдү окуучулар маанисин табышат. |
| Рей Брейдберинин өмүр баяны чыгармачылыгы боюнча мугалим слайд жардамында окуучуларга маалымат берет | Окуучулар америкалык фантастик жазуучу Рей Брейдбери жөнүндө, жазган чыгармалары боюнча жаңы билим алышат. |
| 1-тапшырма: Мугалим: Окуучуларга Рей Брейдберинин «Эс алуу» аңгемесин 3 бөлүмгө бөлүп, окуучулардын колуна аңгеменин тексти таратат | Окуучулар берилген тексти окушат. |

«Ата» тобу.

Эс алуу

Айлана-тегерек аябай кооз. Асмандагы жай булуттар, бийиктикке умтулуп өскөн чөптөр жана айланада учуп жүргөн көпөлөктөр көңүлдү ачып тургандай. Айланада жымжырттык. Бирок, гүлдөр жана аарылардын жай кыймылы жашоонунун ритмин улантып барат. Түндүккө карай отуз миля аралыгында темир жол созулуп тоолордун силуэти чийилип турду.

Күтүлбөгөн жерден темир жолдун титирегени бир нече ирмемге чейин уланып, бир маалда анча чоң эмес дрезина көрүндү.

Бул кичинекей арабпада аял, эркек жана жети жашар уулу отурган. Араба тез жүргөнүнөн шамал алардын жүзүн аймалап, чачтарын учуруп жатты, ага карабай үчөөсү алга карай жүрүп баратышты.

Тегиз жерде баратып эле мотор онтоп барып, үнү өчтү. Дөңгөлөктөр бир аз айланып, токтоду....

1-тыным:

- Эмне үчүн айланада бул үй-бүлөдөн башка адамдар жок деп ойлойсуңар?

**«Апа» тобу**

**Бирок бир таң булардын эсинен кетпес болду. Ал күнү дүйнө өтө эле жымжырт эле. Адаттагыдай эле, жуулган кийимдер илинип турган, коттеджердин алдында машиналар турган, бирок эч кимдин «саламатта калыңыз» деген сөздөрү, машинанын жүргөнү, телефондордун шыңгыраганы, балдардын кыйкырыгы угулбай жаткан.**

**Бир күн мурун кечинде эркек аялы менен террасада отуруп, кечки гезитти колуна кармай:**

- **Эртең менен турсак, дүйнө жүзүндө эч ким калбаса экен, бизден башка,**

**баарын башынан баштайт элек, кандай сонун болмок, - деп тамеки тартып ойлонду.**

- **Эгерде ушундай кнопка болсо, сен аны басат белең?-деп сурады аял.**
- **Болушу мүмкүн. Зордук-зомбулуксуз адамдар жердин жүзүнөн жок болуп кетишсе экен, - деп кыялданды. Жер, деңиз, өсүмдүктөр, жаныбарлар – баары калып, бир гана адамзаты жок болсун. ....**

**2-тыным:**

**-Бул ата-эненин эң жаманы ниети-тилеги кандай болду?**

**-Окуя мындан ары кандай уланат?**

«Бала» тобу

Арадан убакыт өттү...

Күйөөсү рельстерди оңдоп жатканда, үй-бүлөсү суу бойлоп сейилдеп жүрүштү.

Энеси менен уулу колдоруна түстүү таштарды, ракушкаларды толтуруп келишти. Апасы уулун окута баштады. Джим кызыгуусу менен үй тапшырмасын аткарып жатты. Атасы алардын жанына келди.

- Бир айдан кийин, май айында биз Сакраментого жетип барсак, ал жактан Суэтл шаарына жылабыз. Биринчи июлга чейин ал жерде жашап, Вашингтонго жөнөйбүз. Суук түшсө Йеллоустонго кайтабыз, ууга чыгабыз, балык кармайбыз.

Бала зеригип кетип, сууга таяк ыргытып, таяктын аркасынан чуркап жүрдү

Атасы сөзүн улантты:

- Кышкы Таксондо өткөрүп, Флоридага кетебиз, жазында Нью-Йоркто барабыз, эки жыл Чикагодо турабыз. Үч жыл өтүп, кышты Мехико-Ситиде өткөргөнчө эмне дейсиң? Рельстер кайсыл жака алып барса, ошол шаарда жашап калабыз. Бир күнү Миссисипи бойлоп кайыкта сүзөбүз, бул менен асыл тилегим.

Аялы күйөөсүнө карап, көзүнөн жаш акканын байкады. Жан шеригине жакын барып, колунан кармады. Күйөөсү ойлонуп айтты.....

3-тыным

1. Сенин оюнча бала ак кагазга эмнелерди жазды?

| | |
|---|---|
| 2-тапшырма:<br>Окуучуларга чыгарманын картасы боюнча түшүнүк берилет.<br><br>**ЧЫГАРМАНЫН КАРТАСЫ**<br>**Автор жөнүндө маалымат** / **Баш каармандар**<br>**Башы** / **Ортосу** / **Аягы** | Окуучулар чыгармадан үзүндү окуп, өздөрүнө берилген текст боюнча чыгарманын мазмунун айтып. Ушул текст боюнча тартылган сүрөттөрдү ирети менен илип окуяларды баяндап, чыгарманын картасын түзүшөт. |
| 3-тапшырма; | Топтор белгиленген убакытта топтук жумуш аткарат. Презентациялашат |

| | |
|---|---|
| 1-топ<br>Жогорудагы тексте кездешкен кайсы сөз же сөз тизмеге тема боло алат?<br>Жогорудагы текст кептин стилдеринен кайсынысына кирет?<br>Жогорудагы тексте кептин түрлөрүнүн кайсынысы басымдуулук кылат?Далилдеп бер.<br>Текстте кездешкен төмөнкү сөздөргө маанилеш сөздөрдү тапкыла<br>Кооз_______________________________<br>Эс алуу______________________________<br>Жээк_________________________________<br>нө_____________________ __________ | |
| 2-топ<br>Терасса деген сөз кандай маанини билдирет?<br>Жогорудагы тексте сүйлөмдүн сүйлөм түзүлүшү боюнча алып караганда кайсы түрү көбүрөөк учурайт?<br>Текстте кездешкен төмөнкү сөздөргө антонимдерин тапкыла<br>Эң узак____________________________________<br>Жетекчи___________________________________<br>Жок болуп кетүү___________________________<br>Күнөө_____________________________________ | |
| 3-топ<br>Рельс – деген сөздүн мааниси.<br>Тескттен энчилүү аттарды таап жазгыла.<br>«Силер жиндисиңер! Келесөөлөр!» деген баланын сөзүнө макулсуңарбы? Эмне үчүн?<br>Бала ак кагазгаэ мнелерди жазды деп ойлойсуң?<br><br>Топтор белгиленген убакытта топтук жумуш аткарат. Презентациялашат<br>4-тапшырма: «Сен баланын ордунда болсоң?» ак кагазга эмне деп жазат элең? Бул суроого окуучулар колдорундагы ак кагазга өздөрүнүн ойлорун жазып, бөтөлкөгө салышат. | |
| Мугалим.<br>Окуучуларга сөздүк оюн ойногонду үйрөнөт. | Окуучулар<br>1-топ . Ата – кандай?<br>2-топ. Апа – кандай<br>3-топ. Бала- кандай? Ар бир окуучу каармандарга бир сөз менен мүнөздөмө беришет? Мисалы: Апа – мээримдүү. |
| | |
| Жыйынтыктоо: Рефлекция. Окуучулардын баалоосу. | |
| -Эмнени үйрөндүң?<br>-Эмнени билдиң?<br>-Эмне жакты/жаккан жок? Эмне үчүн?<br>-Сен үчүн эмнелер кызыктуу болду? | 1.Мен ________________үйрөндүм<br>1. Мен ________________билдим.<br>2. Мага _________жакты.<br>Себеби__________________<br>3. Мага ________жаккан жок.<br>Себеби__________________<br>4. Мен үчүн __________кызыктуу болду. |

Үйгө тапшырма: Туташ тексттен туташ эмес текст түзөсүңөр.

Баалоо:





Автор жөнүндө
ЧЫГАРМАНЫН
КАРТАСЫ
Баш каармандар
РЭЙ БРЭДБЕРИ
Башталышы










Аңгеменин толук варианты

Эс алуу

Айлана-тегерек аябай кооз. Асмандагы жай булуттар, бийиктикке умтулуп өскөн чөптөр жана айланада учуп жүргөн көпөлөктөр көңүлдү ачып тургандай. Айланада жымжырттык. Бирок, гүлдөр жана аарылардын жай кыймылы жашоонунун ритмин улантып барат. Түндүккө карай отуз миля аралыгында темир жол созулуп тоолордун силуэти чийилип турду.

Күтүлбөгөн жерден темир жолдун титирегени бир нече ирмемге чейин уланып, бир маалда анча чоң эмес дрезина көрүндү.

Бул кичинекей арабпада аял, эркек жана жети жашар уулу отурган. Араба тез жүргөнүнөн шамал алардын жүзүн аймалап, чачтарын учуруп жатты, ага карабай үчөөсү алга карай жүрүп баратышты.

Тегиз жерде баратып эле мотор онтоп барып, үнү өчтү. Дөңгөлөктөр бир аз айланып, токтоду.

-Бензин түгөндү,-деп үшкүрүнө атасы мурда даярдап койгон күйүүчү затты бакка куя баштады.

Аялы жана уулу деңизди карап, толкундардын шыбыраганын угуп отурушту.

- Деңиз аябай кооз ээ?-деп сурады аял
- Мага жагат,-деди бала.
- Анда ушул жерде эс алып, шам-шум этип алсакпы?

Атасы:

- Келгиле – деди да, отура калып дүрбү менен жарым аралга көз жүгүрттү- Рельстер аябай заңдап кетиптир. Жол болсо бузулган. Мен аларды ондогончо күтүүгө туура келет.
- Канча рельс иштен чыккан? Дагы канча токтойбуз? –деп сурады бала.

Аял жылмаюуга аракет жасады да

- Биз канча жолду басып өттүк?
- Токсон милге жакын. Тез жүрсөң, эч нерсени көрө албай каласың. Бүрсүгүнү Монтерееде болобуз, андан кийинки күнү Пало Альтого жетебиз.

Аял чий калпыгын башынан алып, ачык сары түстөгү лентасын чечкенче деңиздин жээгине жөнөдү.

- Келгиле тамактанабыз.

Бала чуркаган бойдон азыктар салынган себетти жээке алып барды. Апасы менен уулу дасторконду жайып отурганда алардын алдына жолугушууга кетип жаткандай жасанган, үстүндө костюм, галстукчан, шляпа кийген атасы келди. Аялы  сэнвичтерди таратып, жашыл банкалардан жемиштерди алып отурган учурда галстугун бошотуп, жилетин чечип койду.

- Ата, биз жалгызбызбы? – деп сурады уулу.
- Ооба.
- Бизден башка эч ким жокпу?
- Эч ким жок.
- Мурун дүйнөдө адамдар болгонбу?
- Сен эмне үчүн сурай бересиң? Бул жакын учурда эле болгон. Бир нече ай эле болду. Өзүңдүн да эсиңде.
- Жакшы эстей албайм албайм. Эстегени аракет кылсам да, такыр унутуп атам.

Бала кумду уучтап:

- Адамдар ушул пляжда кумдай көп болгонбу? Аларга эмне болду?
- Билбейм – деди атасы.

**Бирок бир таң булардын эсинен кетпес болду. Ал күнү дүйнө өтө эле жымжырт эле. Адаттагыдай эле, жуулган кийимдер илинип турган, коттеджердин алдында машиналар турган, бирок эч кимдин «саламатта калыңыз» деген сөздөрү, машинанын жүргөнү, телефондордун шыңгырaганы, балдардын  кыйкырыгы угулбай жаткан.**

**Бир күн мурун  кечинде эркек аялы менен террасада отуруп, кечки гезитти колуна кармай:**

**- Эртең менен турсак, дүйнө жүзүндө эч ким калбаса экен, бизден башка, баарын башынан баштайт элек, кандай сонун болмок, - деп тамеки тартып ойлонду.**

**- Эгерде ушундай кнопка болсо, сен аны басат белең?-деп сурады аял.**

**- Болушу мүмкүн. Зордук-зомбулуксуз адамдар жердин жүзүнөн жок болуп кетишсе экен, - деп кыялданды. Жер, деңиз, өсүмдүктөр, жаныбарлар – баары калып, бир гана адамзаты жок болсун.**

**- Бирок биз калышыбыз керек да, - деп жылмайды аялы.**

- Жакшы болмок. Каалаганча убактыбыз бар. Тарыхта эң узак каникул. Сен, мен жана Джим. Эң узак пикникке чыгабыз, сезондук да билеттердин кереги жок. Автомашинанын да кереги жок, илгерки башка жол табып, саякатка чыгабыз. Сэндвич, газдалган сууну алып, азыктар түгөнсө адамдар жок дүкөндөргө кирип ала беребиз, алдыбызда түгөнгүс каныкулдар...

Алар террасада көпкө чейин отурушту.

Акыры ойлонуп, аялы айтты:

- Биз жалгызданып калбайбызбы?

Жаңы дүйнөнүнү таңы да атты ойгонгон соң, алар табияттын сулуулугуна суктанып, чоң шаардын тополоңун, жалган «достордун» чыккынчылыгын сезишти.

Күйөөсү туруп, көчөнү карап, айланага көз салып:

- Баары жок болуп кетишти.

Айлананын жымжырттыгынан ал эч ким жок экенин түшүндү. Эртең мененки тамакты шашпай жеп, ойго батты.

- Сен жумушка барбайсыңбы?, - деп сурады аялы.
- Сен дагы эле ишенбей жатасыңбы? – деп күлүп жиберди күйөөсү. – Мен эми күн сайын саат сегизде жумушка барбайм. Джим мектепке барбайт, сабактар биз үчүн бүттү! Эч калем, китеп, жетекчинин жаман караштары артта калды! Биз бошпуз, мурдагы жашоого кайтуу жок. Кеттик!

Ошонтип аялын шаардын бошогон көчөлөрүндө жетелеп жүрдү.

- Алар өлгөн жок, -деди ал. – Жөн эле... Кетип калышты.
- Башка шаардагыларчы?

Ал телефон кабинасына кирип, Чикаго, Нью-Йорк, Сан-Франциско шаарларына чалды. Эч ким үн катпады.

- Болду – деп телефонду койду.
- Мен өзүмдү күнөлүү сезип жатам, - алар жок, биз болсо калдык. Бирок мен с.й.н.п жатам. Эмнеге? Мен кайгырышым керек го...
- Эмнеге кайгырасың? Эч кандай трагедия жок бул жерде. Аларды эч ким кыйнабады, өлтүрбөдү, алар өздөрү кетип калышты, жок болуп кетишти. Биздин алардын алдында күнөөбүз жок, милдетибиз жок. Биздин бир милдетибиз бар- бактылуу болуу. Алдыбызда отуз бактылуу жылдар күтүп турат, жаманбы?
- Анда ... биз дагы балалуу болушубуз керекпи?

- **Дүйнөнү жаңыдан адамдарга толтуруу үчүнбү? Жок, Джимдин ичээр суусу түгөнсө, дүйнө жаныбарларга калат. Алар бизсиз жок болуа кетишпейт. Азыр болсо уулубузду ойготуп, 30 жылдык каникулга жол алалы!**

Арадан убакыт өттү...

Күйөөсү рельстерди ондоп жатканда, үй-бүлөсү суу бойлоп сейилдеп жүрүштү.

Энеси менен уулу колдоруна түстүү таштарды, ракушкаларды толтуруп келишти. Апасы уулун окута баштады. Джим кызыгуусу менен үй тапшырмасын аткарып жатты. Атасы алардын жанына келди.

- Бир айдан кийин, май айында биз Сакраментого жетип барсак, ал жактан Суэтл шаарына жылабыз. Биринчи июлга чейин ал жерде жашап, Вашингтонго жөнөйбүз. Суук түшсө Йеллоустонго кайтабыз, ууга чыгабыз, балык кармайбыз.

Бала зеригип кетип, суугa таяк ыргытып, таяктын аркасынан чуркап жүрдү

Атасы сөзүн улантты:

- Кышкы Таксондо өткөрүп, Флоридага кетебиз, жазында Нью-Йоркто барабыз, эки жыл Чикагодо турабыз. Үч жыл өтүп, кышты Мехико-Ситиде өткөргөнчө эмне дейсиң? Рельстер кайсыл жака алып барса, ошол шаарда жашап калабыз. Бир күнү Миссисипи бойлоп кайыкта сүзөбүз, бул менен асыл тилегим.

Аялы күйөөсүнө карап, көзүнөн жаш акканын байкады. Жан шеригине жакын барып, колунан кармады. Күйөөсү ойлонуп айтты.

- Билесиңби, кымбатым. Менин жалгыз оюм-адамдар кандай болбосун, жакшыбы, жаманбы, ушул дүйнөгө кайтып келиши экен.

Аялы анын сөзүн ырастады. Сүйлөшүп жатып, уулу келип калганын байкашкан жок.

Колунда суусундуктун бошогон шишени көтөрүп, жүзү бозоруп Джим турган эле.

- Ата, сен.... сенин да ойногого шеригин жокпу?

Алар уулуна бир нерсе демекчи болду, бирок  бала артка качып:

-Силер жиндисиңер! Келесоолор! – деди.

Суунун боюна барып, ыйлады. Кагазга бир нерселерди жазып, шишенин ичине салып, бекемдеп, сууга таштады. Кагазга эмнени жазды? Шише толкундарда көрүнбөй калды. Бала сооролуп, ата-энесине келди, бирок терең ойлонуп кайгырып жатты. Үчөө тең сууга бир үмүт менен карап турушту.

-Ал биздин тилегибизди жазды бекен? Биз азыр сүйлөгөн сөздөрүбүздү, кыялыбызды жазды бекен?-деп ойлоду апасы